УДК: 070:574

***PhD., доц. Акман Эрдоган***
***Качкынбекова А.К.***
*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ЖОЖдон кийинки Билим берүү институтунун магистранты*

**ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖУРНАЛИСТИКА ЖАНА АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

***PhD., доц. Акман Эрдоган***
***Качкынбекова А.К.***
*Магистрант Института послевузовского образования Кыргызско-Турецкого университета «Манас»*

**ЭКОЛОГИЧЕСКАЯ ЖУРНАЛИСТИКА И ЕЁ ОСОБЕННОСТИ**

***Assoc.Dr. Akman Erdogan***
***Kachkynbekova A.K.***
*Master's student of the Institute of Postgraduate Education of the Kyrgyz-Turkish «Manas» University*

**ENVIRONMENTAL JOURNALISM AND ITS FEATURES**

**Аннотация**. Бул изилдөө Кыргызстандагы экологиялык көйгөйлөрдүн медиада чагылдырылышын талдайт. Анда экологиялык журналистиканын маанилүүлүгү, функциялары жана өзгөчөлүктөрү каралат. Изилдөөдө Кыргызстандагы экологиялык журналистиканын учурдагы абалы, анын ичинде медиа-ресурстардын жана маалыматтык басылмалардын ролу талданат. Ошондой эле, бул тармактын өнүгүшүнө тоскоол болгон көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдору сунушталат. Изилдөө экологиялык журналистиканын Кыргызстандагы экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдөгү маанилүү ролун жана анын өнүгүшү үчүн мамлекет, медиа-ресурстар жана коомчулуктун биргелешкен аракеттеринин зарылдыгын баса белгилейт.

***Түйүндүү сөздөр***: Экология, журналистика, көйгөй, ден соолук, глобалдык, функция, аба.

**Аннотация.** Это исследование анализирует освещение экологических проблем в Кыргызстане в средствах массовой информации. В нем рассматриваются важность, функции и особенности экологической журналистики. Исследование анализирует текущее состояние экологической журналистики в Кыргызстане, включая роль медиа-ресурсов и информационных изданий. Также предлагаются проблемы, препятствующие развитию этой отрасли, и пути их решения. Исследование подчеркивает важную роль экологической журналистики в решении экологических проблем в Кыргызстане и необходимость совместных усилий государства, медиа-ресурсов и общества для ее развития.

***Ключевые слова:*** Экология, журналистика, проблема, здоровье, глобальный, функция, воздух.

**Abstract.** This study analyzes the coverage of environmental problems in Kyrgyzstan within mass media. It examines the importance, functions, and characteristics of environmental journalism. The study analyzes the current state of environmental journalism in Kyrgyzstan, including the role of media resources and information publications. It also proposes problems hindering the development of this sector and ways to solve them. The study emphasizes the important role of environmental journalism in addressing environmental problems in Kyrgyzstan and the necessity of joint efforts by the state, media resources, and society for its development.

***Keywords***: Ecology, journalism, problem health, global, function, air.

Адамдын ден соолугу жана жыргалчылыгы айлана-чөйрөнүн абалы менен тыгыз байланышта. Ошондуктан, айлана-чөйрө жөнүндөгү маалымат коомчулук тарабынан өзгөчө көңүл буруу менен кабыл алынат [2, 175-б.].

Экологиялык көйгөйлөр дүйнө жүзүнө тиешелүү жана тарыхый жактан тастыкталган. Журналистиканын кызыгуусун арттырган бул маселелер глобалдык жана жергиликтүү деңгээлде каралат. Экологиялык журналистика өзүнүн объектилерин үч негизги деңгээлге бөлөт:

1. **Глобалдык көйгөйлөр:** Адамзаттын тез өсүшү, азык-түлүк жетишсиздиги жана башка дүйнөлүк маселелер.
2. **Мамлекеттик деңгээл:** Өлкөнүн ресурстарын туура башкаруу, шаарлардын өнүгүүсүн көзөмөлдөө сыяктуу мамлекет тарабынан чечилүүчү маселелер.
3. **Жеке деңгээл:** Фермерлердин жана дыйкандардын ишмердүүлүгү, алардын айыл чарбасындагы химиялык заттарды колдонуусу жана анын кесепеттери[7777].

Экологиялык көйгөйлөрдү чагылдыруу 20-кылымдын 70-жылдарында күч алган. Журналистиканын көңүл буруусунан кийин мамлекеттик органдар жана уюмдар түзүлүп, максаттуу иш-аракеттер башталган. Экологиялык журналистика илимий тактыкты талап кылат жана атайын даярдыгы жок журналисттер маалыматты туура эмес колдонуп коюшу мүмкүн.

Экологиялык көйгөйлөр башка көйгөйлөрдөн айырмаланып, журналисттин көңүл буруусу менен эле чечилип кетпейт. Бул тармак терең анализди жана кылдаттыкты талап кылат. Журналисттер кичинекей маселени чоң көйгөй катары көрсөтүүдөн алыс болуп, коомдун аң-сезимине туура таасир этиши керек.

Экологиялык журналистиканын өзгөчөлүгү – аудиторияга экологиялык жагдайды камтыган өзгөчө маалымат берүү. Экологиялык темалар күнүмдүк жашоодо кездешет, бирок журналисттер маселенин өзөгүн таап, аны кызыктуу жана таасирдүү кылып жеткириши керек.

Экологиялык журналистиканын негизин изилдөөлөрдүн жыйынтыктары, коомдук маселелер, мамлекеттик документтер жана иш-чаралар түзөт. Журналисттер маалыматты жөнөкөйлөтүп жибербестен, системалуу түрдө чагылдырышы керек. Бул тармакта иштеген журналисттердин билими жана түшүнүгү терең болушу зарыл.

Экологиялык материалдардын таасирдүүлүгү маанилүү. Туура жеткирилген маалымат адамдарды коргонууга түрткү берет. Журналисттер фактылардын байланышын түшүнүп, аны элге түшүндүрүшү керек.

Экологиялык темаларды көбүртүп-жабыртып, коомду коркутуу туура эмес. Далилсиз маалымат коомчулуктун ишенимин кетирип, мамлекеттик органдардын мамилесин өзгөртөт [5].

Экологиялык журналистика – көйгөйлөрдү чечүүнүн куралдарынын бири. Журналисттер көйгөйлөрдү жакшы билип, фактыларды туура колдонушу керек. Сабатсыздык жана сенсацияга умтулуу коомчулуктун ишенимин кетирип, маанилүү чечимдерди кабыл алууга тоскоолдук кылат.

**Экологиялык журналистиканын функциялары:**

- **Маалыматтык функция:** Айлана-чөйрөнүн абалы жөнүндө маалымат берүү.
- **Агартуучулук функция:** Экосистеманын мыйзамдары жана антропогендик таасир жөнүндө маалымат берүү.
- **Уюштуруу функциясы:** Коомду конкреттүү аракеттерге түрткү берүү.
- **Көзөмөлдөөчү функция:** Бийлик жана ишканалардын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө.

ММКлар экологиялык көйгөйлөрдү чагылдырууда эксперттердин маалыматын колдонуп, аны коомго жеткириши керек.

Экология маселеси азыркы учурда дүйнө жүзүндөгү эң актуалдуу көйгөйлөрдүн бири. Бул көйгөйдү чечүүдө маалыматты так жана өз убагында чагылдыруу маанилүү роль ойнойт. Кыргызстанда ММК аркылуу экологиялык көйгөйлөрдү чагылдырууну изилдөө да бул көйгөйдү чечүүгө салым кошо алат.

Экологиялык маселелердин ММКда кандайча чагылдырылышын изилдөөгө алгач Ж.Баласагын атындагы КУУнун доценти Жумагазиева Н.К. көңүл бурган. 2010-жылы ал «Кыргызстандын мезгилдүү басма сөзүндө экология көйгөйүн чагылдыруу (1996-2006-ж.ж.)» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон. 2012-жылы анын ушул

эле аталыштагы китеби жарык көргөн [4]. Изилдөөдө кыргыз журналистикасында экологиялык көйгөйлөрдүн калыптануу тарыхы, мезгилдүү басма сөздө экологиялык темалардын өнүгүү тенденциялары, кыргыз прессасынын экологиялык көйгөйлөрдү чагылдыруу стандарттары жана экологиялык темадагы материалдардын жанрдык ар түрдүүлүгү каралган. Ошондой эле, автор мезгилдүү басма сөздүн кыргызстандыктардын экологиялык аң-сезимин жана билимин калыптандыруудагы ролун кеңири талдаган.

Экологиялык журналистика – коомчулуктун экологиялык маселелерге болгон маалымдуулугун жогорулатууда жана аларды чечүүдө маанилүү роль ойногон журналистиканын тармагы. Кыргызстан – уникалдуу жаратылышка ээ өлкө, бирок, тилекке каршы, экологиялык көйгөйлөр дагы курч бойдон калууда. Ошондуктан, экологиялык журналистиканын өнүгүшү өзгөчө маанилүү. [1]

Учурда Кыргызстанда экологиялык журналистиканын абалы бир кыйла өнүгүп жатат деп айтсак болот. [3] Өлкөдө экологиялык маселелерди чагылдырган бир катар медиа-ресурстар бар. Алардын ичинен **Volunteer.kg Movegreen.kg , Ekostan.kg , Biom.kg , Ekois.kg** сыяктуу сайттарды белгилеп кетүүгө болот.

Аталган сайттарда атайын экологиялык долбоорлор, ар кандай иш чарадар тууралуу маалыматтар айтылып, экологияны коргоого үндөгөн материалдар чыгып турат. Алсак,

**Volunteer.kg:**

o Бул сайт ыктыярчылык иш-чараларын уюштуруу жана ага катышууну каалаган адамдарды бириктирүүгө багытталган платформа.

o Сайт аркылуу ар кандай социалдык жана экологиялык долбоорлорго ыктыярчы катары кошулууга болот.

o Алар ар кандай иш-чараларды өткөрүп, коомго пайда келтирүүгө аракет кылышат. [6]

• **Movegreen.kg:**

o Бул уюм Кыргызстандагы экологиялык көйгөйлөргө көңүл бурууга жана аларды чечүүгө багытталган.

o Алар таштандыларды кайра иштетүү, абанын булганышына каршы күрөшүү жана жашыл технологияларды жайылтуу боюнча иш-чараларды жүргүзүшөт.

o Movegreen.kg жаштарды экологиялык маселелерге активдүү катышууга үндөйт.[7]

• **Ekostan.kg:**

o Ekostan.kg - Кыргызстандагы экологиялык көйгөйлөр тууралуу маалымат таратуучу жана аларды чечүүгө аракет кылган уюм.

o Алар экологиялык таза жашоо образын жайылтууга жана коомчулуктун экологиялык аң-сезимин жогорулатууга багытталган долбоорлорду ишке ашырышат.

o Ошондой эле, ар кандай экологиялык акцияларды уюштурушат.[8]

• **Biom.kg:**

o Biom.kg - Кыргызстандагы биологиялык ар түрдүүлүктү сактоого жана экологиялык тең салмактуулукту камсыз кылууга багытталган уюм.

o Алар жапайы жаныбарларды коргоо, токойлорду сактоо жана суу ресурстарын туура пайдалануу боюнча иш-чараларды жүргүзүшөт.

o Ошондой эле, экологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүшөт.[9]

**Ekois.kg:**

o Ekois.kg - Кыргызстандагы экологиялык көйгөйлөргө көңүл бурууга жана аларды чечүүгө багытталган уюм.

o Алар таштандыларды кайра иштетүү, абанын булганышына каршы күрөшүү жана жашыл технологияларды жайылтуу боюнча иш-чараларды жүргүзүшөт.

o Ekois.kg жаштарды экологиялык маселелерге активдүү катышууга үндөйт. [10]

Бул уюмдар Кыргызстандагы экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө маанилүү роль ойнойт жана коомчулуктун экологиялык аң-сезимин жогорулатууга аракет кылышат.

Ошондой эле маалыматтык басылмалар да экологиялык көйгөйлөрдү чагылдырып келишет.Өзгөчө акыркы жылдары борбор калаабыз Бишкекте абанын сапаты начарлап, ден соолукка зыяндуу таасир берип жаткандыгына байланыштуу көпчүлүк басылмалар дал ушул абанын булганышы тууралуу макалаларды жарыялашууда.

Мисалга алсак, "Азаттык" басылмасынын 2024-жылдын 24-декабрында жарыяланган "Бишкек кайрадан абасы кир шаарлардын сап башына чыкты" аттуу материалында

[11] World Air Quality уюмунун иликтөөсүндө таянып, 24-декабрда Бишкек шаары абанын булганышы боюнча дүйнөдө биринчи орунга чыккандыгы тууралуу жазган . Анда абанын сапаты тууралуу индексинде Бишкектин борборундагы көрсөткүч (AQI) саат 19.00гө карата 458ди көрсөткөн. Калаанын башка бөлүктөрүндө индекс бүгүн өтө кооптуу чектен - 600-760тан ашкан. Ал эми аба таза болуш үчүн индекс 50 дөн ылдый болуш керектиги айтылган. Мындай көрүнүш менен Бишкек шаары дүйнөдөгү абасы эң кир делген Гананын Аккра, Индиянын Дели, Пакистандын Лахор шаарларынан да алдыга чыгып кеткендиги жазылган.

Жогорудагы материалда маалымат так, атайын иликтөөгө таянып, туура берилген.

Анализге дагы бир “Экономист.кж” басылмасынын 2025-жылдын 16-январында жарык көргөн “Со дна Иссык-Куля подняли более 14 тонн мусора в 2024 году” аттуу материалын алсак. [12] Аталган материалда *“2024-жылы Ысык-Көлдө президенттин жарлыгы жана министрлер кабинетинин буйругунун алкагында көлдүн экологиясын коргоо жана мыйзамсыз балык уулоого каршы күрөшүү боюнча масштабдуу иштер жүргүзүлдү. Бул тууралуу президенттин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн басма сөз кызматы билдирди.*

*Көлдүн түбүн тазалоонун натыйжасында 14 125 кг таштанды чыгарылды. Ошондой эле 220 км жээк тилкеси тазаланып, андан 85 тонна таштанды чыгарылып, 112 100 метр мыйзамсыз балык уулоочу торлор алынды.*

*Мыйзамсыз балык уулоого каршы күрөштүн алкагында 85 рейд жүргүзүлүп, балыкты мыйзамсыз уулоонун 111 фактысы аныкталып, 1200 тирүү балык көлгө кайтарылды”,*деп жазылган.

Бул материалда да бардык маалымат факты менен берилген.

Бирок, жогорудагы эки макалада тең басылманын журналисттери башка органдардын берген маалыматына таянып жаңылыкты жазышкан. Ал эми биздин өлкөдө атайын экологиялык көйгөйдү иликтеп, изилдеп жазган журналисттер жетишсиз.

Экологиялык журналистиканын өнүгүшүнө тоскоол болгон бир катар көйгөйлөр бар:

- **Каржылоонун жетишсиздиги:** Көпчүлүк медиа-ресурстар каржылоонун жетишсиздигинен улам сапаттуу материалдарды даярдоого мүмкүнчүлүгү чектелүү.
- **Жогорку квалификациялуу журналисттердин жетишсиздиги:** Экологиялык маселелерди терең түшүнгөн жана сапаттуу материалдарды даярдай алган журналисттердин саны чектелүү.
- **Маалыматка жеткиликтүүлүктүн чектелүүсү:** Кээ бир учурларда журналисттерге экологиялык маселелер боюнча маалымат алуу кыйынга турат.
- **Коомчулуктун экологиялык маселелерге болгон кайдыгерлиги:** Кээ бир учурларда коомчулук экологиялык маселелерге жетиштүү көңүл бурбайт.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстанда экологиялык журналистиканын келечеги кең десек болот. Бул тармактын өнүгүшү үчүн төмөнкү чараларды көрүү зарыл:

- **Экологиялык журналистиканы каржылоону көбөйтүү:** Медиа-ресурстарга гранттарды жана башка каржылык колдоолорду көрсөтүү.
- **Журналисттердин квалификациясын жогорулатуу:** Экологиялык журналистика боюнча тренингдерди жана семинарларды өткөрүү.
- **Маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу:** Мамлекеттик органдардын жана башка уюмдардын экологиялык маселелер боюнча маалыматтарды ачык жана жеткиликтүү кылуусу.
- **Коомчулуктун экологиялык маселелерге болгон маалымдуулугун жогорулатуу:** Социалдык медиа, маалымат каражаттары жана башка каналдар аркылуу экологиялык маселелер боюнча маалыматтык кампанияларды жүргүзүү.

Экологиялык журналистика – Кыргызстандагы экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө маанилүү роль ойной алат. Бул тармактын өнүгүшү үчүн мамлекет, медиа-ресурстар жана коомчулук биргелешип аракет кылуусу зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Арсыбаева Ч. Бишкектин абасын тазаласа болобу? //Аалам №16 (628) 3-январь, 2005
2. Бөкөнбаев К.Ж., Кыргызстандын экологиясы, айлана чөйрө жана коопсуздук-Б., 2004.-175-б
3. Кыргызстандагы экологиялык уюмдардын өз ара кызматташтыгын күчөтүү долбоору , Милеконтакт ООСТ Европа. Бишкек, 2005-ж.
4. Н.К. Жумагазиева Кыргызстандын мезгилдүү басма-сөзүндө экология көйгөйүн чагылдыруу Бишкек 2012-ж.

**Интернет булактар**

http://www.region.kg/index.php?option=com_content&view=category&id=37&layout=blog
https://volunteer.kg/ky/bashky/
https://movegreen.kg/
https://ecostan.kg/
https://next.biom.kg/
https://ekois.net/
(https://www.azattyk.org/a/bishkek-kayradan-abasy-kir-shaarlardyn-sap-bashyna-chykty-/33251402.html)
https://economist.kg/all/2025/01/16/so-dna-issyk-kulia-podniali-bolieie-14-tonn-musora-v-2024-ghodu/